➤ ЭЛ БИЛСИН

# Теңиртоолук Баялы аке



Кыргыздын Жумгал, Ак-Талаа, Нарын, Кочкор, Ат-Башы, Тогуз –Торо, Суусамыр, күнгөй тескей Ысык-Көл өрөөнүнүн түштүк тарабында «аке» деген элдик наамга ээ болуп, чоң урмат сыйга бөлөнүп, калыстыкты как жарган адамкерчилиги, кыргыз санжырасын так айта билүүсү, жаратылыш сырларын түшүнүп, адам баласына берилген таамай сыны, саяпкерчилигинин касиети, эң негизгиси адамдарга көргөн камкордугу Баялы акенин өмүр жолундагы, тарыхка калтырып кеткен изиндеги негизги белгилеринен болгон. Дипломатиялык жөндөмдүүлүгү, элди дыйканчылыкка үндөө, уруулар ортосундагы ынтымакты сактоо, түндүктөгү өткөн топторго катышып, чагылгандай чартылдаган чечендиги менен эл тагдырын чечүүчү маселелерде заманынын залкар адамы катары таанылган.

Баялы акенин жыл өткөн сайын Түркүстандын тарыхы, орус падышачылыгынын кыргыздардын үстүнөн болгон үстөмдүгүн сактоо аракети, Кокон хандыгынын кыргыз турмушундагы абалы жөнүндөгү түшүнүктөрү кеңейип, ой жүгүртүүсү арбыган. XIX кылымдын аягындагы көрүнүктүү санжырачы Улактын уулу Конкайтынын айткан маалыматтары боюнча Баялы акени Кыдыр аке жана Садыр аке Көтмалдыда өткөн бир топко чечилүүчү маселелерди талкуулоо учурунда, түпкүрдөгү Теңир-Тоо тараптан келген, эл арасында аты таанылып калган Баялы акеге бийликти берели, калыстыгын көрөлү дешкен. Ошол маселени нып, анын эпкини орустарга, көз карандылыкта күн кечирип жүргөн кыргыз элине да жетти. 25-июнь 1916-жылы падыша Николай II орус эмес элдерди согуштук жумуштарга чакыруу боюнча жарлыгына ылайык Түркүстан крайы 250 миң кишини тыл жумуштарына бермек. Колониялдык эзүүнүн баардык түрүнө чыдаган кыргыздар эми балдарын согушка жибербөө айласын издешти. Эл ырайымсыз орус бийлигине каршы көтөрүлдү. Падышачылык көтөрүлүшчүлөрдүн жазалоо аракетин баштаган мезгил-эгин ыргалып бышып, мал семирип, жаратылыш берекесин төгүп турган учурга туш келген.

17-июль 1916-жылы Түркүстанда согуштук абал киргизилип, согуш министринин буйругу менен бул округга 11 армиялык батальон, 42 пушкасы, 69 пулемету бар 3300 жазалоочу аскер киргизилсе жана да ага кошумча 2 полк, 240 атчан чалгындоочулар жиберилген. Куралсыз, өз эркиндигин издеген алакандай эл үчүн бул өтө лигинин өкүлдөрү аярлашкан. Сураштырып билгенден кийин, бул элдин тынч экендиктерине көздөрү жетип, буларга күч колдонулбастыгын билдиришип андан ары кетишкен экен.

Баялы акенин өз өмүрүн тобокелчиликке салып, орус аскерлерин тосуп алуусу да эл үчүн көргөн камкордугун айтып турат. Кокус, орус өкүлчүлүгү ишенбей, тинтүү жүргүзсө, бөөдө эл кырылбасын деп «Балыкты» деген жердеги бир чоң колотко жалаң кемпирлерди, дагы бир чоң колотко жалаң жаш кыз-келиндерди катып, отургузуп койгон экен. Калган эр бүлөөнү Балыктын башындагы Уч-Таш, Аш-Айрык, Ак-Өтөк, ашууларынын түбүнө жашындырып, эгер, орус өкүлчүлүгү тил албай тинтүү жүргүзсө, эр бүлөөнүн баары Кытайга кетти, биякта жалаң кемпир кесек калды деген ойду айтыш үчүн тобокелчиликке барган экен. Балыктыдагы ал колоттор бүгүн дагы эл ичинде «Келин колот», «Кемпир колот» деп айтылып жүрөт.

Жыйынтыктай турган болсок улуу кыргыз тарыхы миң жылдарды карытты десек, эл ичинен чыккан айрым тарыхый инс[illegible]дардын кылган эмгегин эскере жүргөндүгүбүз менен өткөн тарыхты сыйлап, урматтаган болор элек. Бүгүн биз эркин Кыргызстандын эркин атуулдарыбыз ушул эркиндикти сактап, анын баркын баасын билип, кийинки урпактарга жеткире жүрүү милдетибиз.

### БАЯЛЫ АКЕНИН НАСААТТАРЫНАН

Дан баксаң-жан багасың.

Бул жашоодо: замандашта-

калыстыгын айтып чече бил-генде эки аке бирдей баа беришкен экен. Баялы акенин аты элге кеңири белгилүү болгонун ушул учурларга байланыштырышат.

Облустук санжырачылар конкурсунун жеңүүчүсү, «Эл агартуунун отличниги» Бексултан Арыковдун билдирүүсүндө Сарт аке жаш Баялынын тири карактыгын баалап, өзгөчө жөндөмдүүлүктөрүн байкап батасын берген экен деп баяндайт. Ошондой эле Кемин, Кара-Көл, Көтмалды, Ташкенттеги болуп өткөн топторго катышып чечен, ойчул, калыстыгын көргөзө алгандыгын белгилеген. Көрүнүктүү советтик жана партиялык жетекчи кызматкер, азыркы персоналдык пенсионер Асыранбек Узагалиев «Өмүр жолундагы эскерүүлөр» (Б-2011) деген китебинде Шабдан баатыр, Байзак, Куйручук сыяктуу белгилүү адамдар Баялы акенин пикирин сыйлашкан деп баяндайт. Белгилүү санжырачы Улактын уулу Конкайтынын төмөнкү ыр саптары кийинки муундарга да жетти.

Саяктан чыккан Баялы,
Айткан сөзү аярлуу.
Калыстыгы жагынан,
Шарияттай так эле.
Намыс үчүн элине,
Көкөлөп өскөн бак эле.
Сүйлөгөн сөзү курч эле.
Кол жетпеген мүлк эле
Санжыра сөздү айтканы
Муютуп элин турчу эле.

XX кылымдын башы менен биринчи дүйнөлүк согуш тутаoор абалды түзгөн.

Жазалоочу отряддар жана аларга жардам берген келгин-дыйкандар көтөрүлүшкө катышкан жергиликтүү элди болуп көрбөгөндөй кыргынга учуратышканда кайран эл Кытайды көздөй качууга аргасыз болду, бул окуя тарыхта «Үркүн» деп аталып калган.

Жети-Суу облусунун губернатору Фольбаум Куропаткинге берген телеграммасында минтип жазган: «Жазалоочу отряддын башкы максаты-бытырандылыкты күчөтүү. Баардык жерлерде тартылып алынган эң көп мал козголоңчулардын жеңилишинин белгиси. .... Отряддын Жумгалдын жанында жана Кочкордогу козголоңчуларды бытыратып, малдын санын дагы көбөйтөт.» (М.Махбутбекова «Кыргызстандагы улуттук боштондук көтөрүлүш» Бишкек 1996. 80-бет).

Маалыматтардан белгилүү болгондой «1916-жылга чейин Пишпек, Прижевальск уезддеринде кыргыздын чарбасы 62340 болсо, 1917-жылы 20365 болуп азайган. Кыргыз калкынын 66 пайызы кеткен» (М.Лесная. «Восстание 1916 года». Москва 1937-ж).

Белгилүү мамлекеттик ишмер Жусуп Абдрахманов «1916-жылкы көтөрүлүш» деген китебинде: "Чек арада кытай калмактар ок атып тосуп алып кыргыздарды талап тоношкон. Ачкадан өлө башташкан, эпидемия жайылган" деп белгилейт.

Кыргыз эли, артынан кууган орус жазалоочу отряддарынын огунан эбегейсиз кырылса, мал мүлкү таланса, Кытайда да аларды өлүм кордоо, талап тоноо күтүп турган.

Кытайдын Шиньжан облусунун губернатору Янг Ченхинин билдирүүсү мындай болгон «Кулжа менен Ак-Суу аралыгында 300 миңден ашуун кыргыз качкындар келди. Кытайга качкан кыргыздардын айдап барган малынын баасы 12-15 млн. сом болгон, айдап барган мал артка кайткан эмес. Кытай чиновниктери талап алган». (М.Махмутбекова аталган эмгек 95-бет).

Мына ошентип 1916-жыл кыргыз эли үчүн болуп көрбөгөндөй кайгылуу мезгил болгон. Маалыматтар боюнча бул мезгилдерде 150 миңден 400 миңге чейин, же 1 миллиондон да ашык кыргыздар өлүмгө учураган.

Бирок эл деген эл экен. Кыргыздын байыртан сакталып, өзүн өзү жоготпой келген нарктуулугу ошондой коогаландуу күндөрдө да көрүнгөн. Эл ичинен чыккан даанышман адамдар ар кандай жолдор менен өз элин сактап калууга жетишкен. Алардын айрымдарын атасак, Чүй өрөөнүнөн чыккан Дүр Сооронбай уулу, Ысык-Көлдөн Кыдыр аке, Суусамырдан Түркмөн болуш, Жумгалдан Баялы аке. Булардын ар биринин аракети менен кыргыздын бир канчалаган үй-бүлөөлөрү аман эсен сакталган.

1916-жылкы тарыхый күндөрдөгү Жумгалдан чыккан Баялы акенин даанышмандык аракети мындайча болгон экен: «Азыркы Түгөл -Сай менен Куйручук айылынын ортосунда, адырдын жээгинде отуруккашкан орус кыштагы болгон. Аны кыргыздар «пасалкоо» деп аташкан. Курманкожодон Көкүмбайдын эли ошол пасалкоону талкалап жиберишкен. Бул коогаланда Көкүмбай өз эли менен Кытайга качууга аргасыз эле. Эл башына кыйын күн түшкөн мезгилде Баялы аке Жумгалдын көкүрөк жагын ээлеген элди Кытайга качырбоо максатында көп аракет жасаган.

Натыйжада Курманкожолордон: жообасар, кулубай, жутаке, табылды, манас, өзүк, өтө, бугу, көк мээ, байболот, жолболот уруктары жогоруда эскерилгендей кырылуудан талап тоноолуудан аман эсен сакталган. Бул мезгилдерде Баялы акенин дипломатиялык жөндөмдүүлүгү даана байкалган. Өзүнүн ыкчыл аракети менен Шоргоого Ыман Райдын күмбөзүнүн жанына бир чоң боз үйдү тиктирген. Орусиянын желегин көтөртүп ылдыйтан Суусамырдан бери келе жаткан орус аскерлерин тоскон. Келген өкүлдөргө тилмеч аркылуу (тилмеч Чоро Баатайдын уулу) орус бийлигине каршы иш аракеттерди жасабагандыктарын тынч абалда экендиктерин түшүндүргөн.

Боз үйгө илинген империянын желегин көргөн, аскерлердин коштоосундагы орус бий-

урматтаар.
Жанжалдашсаң арты ый,
Урматташсаң арты сый.
Данды сээп, жер тырма,
Түшүмгө маарып, эл сыйла.
Жардам берсең: жатың - тууган болоор,
Чабыр тууганың - буудан болоор.

**Светлана ИБРАИМОВА,**
**Эл агартуунун отличниги,**
**тарых мугалими**

## Баялы аке

Сөз кадырын барктаган,
Үркүндөн элин сактаган.
Ачкычын таап ар иштин,
Үмүтүн элдин актаган.
Кызыл тилди камчылап,
Күлүктөй кылып таптаган.
Кара кылды как жарып,
Калыстыкты актаган.
Акылын баалап эл журту,
«Аке» атка кондурган.
Көрөгөч болгон жүрөгүн,
Калкы сынга толтурган.
Саяктан чыккан акеге,
Садыр аке берген батасын.
Санжыраны так айтып,
Ондогон элдин катасын.
Кыймылсыз жаткан дың жерди,
Буурусун менен буздурган.
Күтүрөтүп элине,
Күзүндө кызыл суздурган.

**Султанбек КАДЫРАЛИЕВ,**
**Советтик партиялык,**
**чарбалык жетекчи**
**кызматкер, пенсионер.**